«БАР БОЛГУН ЖАНЫМ»

Сөзү: Раабыкан Арапова
Обону: Мамарасил Мавляновдуку

Чагылган болуп,
Жарк этип көктөн көрүнгөн.
Жашоого келип,
Өтөбүз кайра өмүрдөн.

Бүркөлүп дүйнөм,
Бүчүрүн ачпай турганда,
Ким болдуң жаным
Жылуу жай тапкан көңүлдөн?

Таң болуп атып,
Күн менен чыккан өмүрдөй,
Жакшы сөз угуп,
Ачылган жарык көңүлдөй,

Бар болгун жаным,
Бакубат кылып өмүрдү.
Балкысын дүйнөм,
Чайпалса дагы төгүлбөй.

Жараткан сунган,
Махабат тунук аруудай.
Жашагым келет,
Жаныңан карыш арылбай.

Кабыргаң болуп,
Катылгым келет капталга.
Жүрөгүң жактан,
Мен үчүн берчи жылуу жай.

Ак булут болуп,
Кыялым көктө калкыган.
Көлкүлдөп ээрип,
Жан дүйнөм турат балкыган.

Аздектеп алчы,
Аруудай таза сезимди.
Түбөлүк кылчы,
Бактылуу ушул кезимди.